# 23-сентябрь
# Мамлекеттик тил күнү






Сканировано с CamScanner

**Х. Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин**

**23 – сентябрь – Мамлекеттик тил күнүнө арналган**

**адабий - музыкалык кечтин сценарийи**

***Х. Жээнбаев атындагы мектеп – лицей***

**Сабак – концерттин жүрүшү:**

1. ***Гимн ырдалат.***
2. ***Сөз мектеп – лицейдин кыргыз тили ж-а адабият мугалими, у/б жетечиси Омокеева А. Бда:***

   *Саламатсыздарбы, кымбаттуу агай – эжелер, окуучулар ж-а конокторl*

   *Бүгүнкү концерт – сабактын темасы - **"Тил көпүрө – илим менен билимге"**, максаты – эне тилибиз – кыргыз тилин "көздүн карегиндей сактап", урматап, сүйүп, сыйлап жана ушул байлыгыбызды сактап, аны андан ары улантуубуз керек. Кыргыз элинин жазуучусу, ойчулу, кеменгери Ч. Т. Айтматов айткандай **"Тил улуттун кубанса кубанычы, кайгырса кайгысы жана акыл – эси. Тилсиз улут болбойт!"***

   *Демек, адамзаттын эң зор жана түбөлүк табылгаларынын бири – тил. Бардык жетишкендиктер тилге жана жазууга байланыштуу. Адам баласынын тарыхында ар бир доордун мурасын сактап, аларды муундан – муунга өткөрүп келе жаткан теңдеши жок күч – бул тил болуп саналат.*

   ***Тил - эң эле ыйык!** Ал элпектикти, сулуулукту талап кылат. Ага кайдыгерлик мамиле жасоого болбойт. Демек, тил адамзаттын эң сонун, эч нерсе менен алмаштырылбай турган байлыгы. Биз ушул байлыкты сактап, аны андан ары улантуубуз керек!!!*

3. ***Алып баруучулар: Азиз, Нурайым.***

***Азиз:*** *Салам, салам, саламбы?*
*Салам айткан жаманбы?*
*Кыргызымдын салты бар*
*Саламдашып алалы.*

*Агарып таңдын атышы, кызарып күндүн батышы,*
*Эзелтен калган салт экен кыргыздын салам айтышы.*

Сканировано с CamScanner

**Нурайым:** *Салам айтам Ала – Тоонун кары болуп,*
*Салам айтам Ысык – Көлдүн буусу болуп,*
*Салам айтам жамгырдын суусу болуп,*
*Салам айтам кыргызымдын кызы болуп!*

**Азиз:** *Саламатсыздарбы, кымбаттуу агай – эжелер, окуучулар ж-а конокторl 23 – сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө арналган сабак – концертке кош келиңиздер!!!*

**Нурайым:** *Эне тил – бул элдин кулк – мүнөзүн, көргөн билгенин, мурунку жашоо тажрыйбасын эле эмес, анын жан дүйнөсүн чагылдыра турган байлык!*

4. **Ыр "Салам, калкым!"** *атк. 11 "а" кл. окуучусу Кубатбеков Б.*
5. **Слайд.** *(кыргыз тили жөнүндө). (3мин).*
6. **Алып баруучулар:**

**Азиз:** *Калтырган жети осуят Манас баба*
*Кийинки урпактарга сага, мага.*
*Эмгекчил бол, окуучум талыкпаган,*
*Ээ кылат, ар өнөргө билим гана.*

**Нурай:** *Жашоодо сен бар үчүн жарык күнүм,*
*Кымбатым эне тилим, эне сүтүм.*
*Кыргыз тилде сүйлөгөн Айкөл Манас!*
*Дем берет урпактарга сенин күчүң!*

7. **Манас эпосунан үзүндү айтуу.** *(мектеп – лицейдин окуучул.).*

**Нурай:** *Кылым сүргүн, кыргыз тили, кызгалдактай гүлдөсүн,*
*Жайып тамыр бутактарын, жаш арчадай бүрдөсүн,*
*Тоолуктардын өз тилинде, токтомдору токулсун,*
*Кыргыз кыздар кызгалдактай, кыргыз бийин бийлешсин.*

8. **Кыргыз бий.** *"Кыргызтаным" атк. 7 "г" кл. кыздары.*
9. **Монолог.** *"Саманчынын жолу" повести. Толгонай эненин монологу. атк. 11 "а" кл. окуучусу Муратова Ширин.*

**Азиз:** *Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз.*
*Чертилбейт күүгө келбейт чебер колсуз*
*Опоңой, көргөн көзгө жөп – жөнөкөй,*
*Бирок да, өнөрү бар айтып бүткүс.*

10. **Күү. "Маш ботой".** *атк. комузчулар тобу.*

11. **Сценка.** *"Бугу Эне" Ч. Айтматов "Ак кеме" повестинен.*

Сканировано с CamScanner

**12.Макал – лакаптар.**

Макал – лакаптар кылымдан кылымга, оздон - оозго өтүп келе жаткан философиялык, элдик оозеки чыгармалар. Адамдын ойлорун жыйынтыктап, сүйлөмдү, ойду бүтүрө айткан чыгарма. Илгертен келе жаткан кыргыздын канчалаган макалы бар? Мааниси боюнча бири биринен ашат. Биз алардын негизинде жашайбыз.

**"Тилсиз улут болбойт", "Кыздуу өйдө кыл жатпайт", "Китеп – билим булагы", "Илим алуу, ийне менен кудук казгандай"...**

13.**Акыйнек.** (окуучулар тобу аткарат).

**Азиз:** Акыйнек айтуу эзелтен.
Элибиздин кыргыз салты экен,
Акыйнек айтып, ыр ырдоо
Бабабыз кыргыз наркы экен.

14.**Кыргыз бий.** "Көчмөндөр" атк. 7 "б" кл. кыздары.

**15.Кыргыздын каада – салты. "Тушоо кесүү".**

Арбаңыздар, Азиз туугандар, кадырлуу тушоо кесүү тойдун катышуучулары! Баарыңыздарды алдыдагы насиптерден ооз тийип, бата кылып, кезекти тойдун маанилүү жагына көңүл буралы. Энелер, бөбөккө жакшы келечекти каалап, ак жана кара жипти даярдаган. Келечекте жакшылык гана болсун деп.Чуркоо үчүн чыккан балдарды карап турууга чакырабыз.

16.**Жыйынтыктоо:** мектеп – лицейдин кыргыз тили ж-а адабият мугалими, у/б жетечиси Омокеева А. Б, мектеп – лицейдин география мугалими, соцпедагог Молдоева Г. Б., мектеп – лицейдин орус тили ж-а адабият мугалими Жузупова Р. К.

"Кыргыз тили кылымдарды карыткан,
Эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан"
Тунук болсом – тилим менен тунукмун,
Улук болсом – тилим менен улукмун.
Улут босом – тилим менен улутмун. Э. Ибраев.

**17. Гимн ырдалат.**

Сканировано с CamScanner